**Тесттин үлгүсү:**

Сүйлөмдөгү сан атоочтун түрүн аныктаңыз: *Алыкул Осмонов Панфилов районундагы Каптал-Арык айылында 1915-жылы кедейдин үй-бүлөсүндө туулган.*

эсептик сан атооч

иреттик сан атооч

топ сан атооч

бөлчөк сан атооч

**Ушул тапшырмага тиешелүү бардык тесттик варианттар төмөндөгү тексттердин негизинде түзүлгөн. Ошол себептен тексттердин ар бир сүйлөмүн сан атоочтун түрүнө карата талдап чыгуу керек.**

**Грамматикалык материал:**

## Сан атооч

Заттын санын, иретин, эсебин, болжолун, тобун, катар тартибин билдирген сөз түркүмү сан атооч деп аталат. М.: *Асиянын жашы ондо. Сааттын жебеси он экини көрсөттү.*

<table>
<tr><td colspan="2">Сан атооч маанисине карай алтыга бөлүнөт: эсептик сан атооч, иреттик сан атооч, жамдама сан атооч, чамалама сан атооооч, топ сан атооч, бөлчөк сан атооч.</td></tr>
<tr><td>эсептик сан атооч</td><td>Заттын санын, эсебин билдирген сан атоочтор эсептик сан атоочтор деп аталат. М.: Менин эки уулум бар. Сабактардан жалаң беш алдым.</td></tr>
<tr><td>иреттик сан атооч</td><td>Заттын иретин, тартибин, катарын көрсөткөн сан атоочтор иреттик сан атооч деп аталат. Иреттик сан атоочтор эсептик сандарга -ынчы (-нчы) мүчөсү уланууменен түзүлөт. М.: Айдана биринчи курста окуйт. Бешинчи май – Кыргыз Республикасынын Конституция күнү. Китепкана үчүнчү кабатта.</td></tr>
</table>

**Тексттер:**

## А. Осмонов

Алыкул Осмонов – Панфилов районундагы Каптал-Арык айылында 1915-жылы кедейдин үй-бүлөсүндө туулган. Ал жаш кезинен эле ата-энесинен ажырап, жетимдиктин, турмуштун кыйынчылыктарын башынан өткөрөт. 1925-жылы Фрунзе шаарындагы балдар үйү… кабыл алынат. Бир аздан кийин эле балдар үйү Токмок шаарына көчүрүлөт. 1925-1928-жылдары ошол балдар үйүндө тарбияланат. Он төрт жашында Фрунзедеги педагогикалык техникумга кирип, анын алдындагы адабий ийримге катышат. 1930-жылы «Сабаттуу бол» газетасынын сентябрь айындагы санына биринчи жолу «Кызыл жүк» деген ыры басылып чыгат. 1935-1950-жылдар аралыгында «Таңдагы ырлар», «Жылдыздуу жаштык», «Чолпонстан», «Махабат», «Менин жерим – ырдын жери» деген ыр жыйнактары жарык көрөт. «Мой дом» аттуу ырлар жыйнагы 1950-жылы Москвадан орус тилинде басылып чыккан. Алыкул Осмонов эң мыкты котормочу да болгон. Ал Пушкиндин, Шекспир, Низами, Шота Руставели сыяктуу дүйнөлүк адабияттын алптарынын чыгармалары менен кыргыз окурмандарын тааныштырды.

Алп акын 1950-жылы 12-декабрда 35 жаш курагында дүйнөдөн кайткан.

## Ч. Айтматов

Чыңгыз Айтматов 1928-жылы 12-декабрда Талас областындагы Кара-Буура районунун Шекер айылында туулган. Каардуу согуш жылдарында 14 жашар Ч.Айтматов Шекер айылдык кеңешинин катчысы, райондук каржы бөлүмүнүн агенти, трактор бригадасынын эсепчиси болуп иштеген. 1948-жылы Жамбылдагы зооветеринардык техникумду аяктаган, 1953-жылы Фрунзедеги К. Скрябин атындагы айыл чарба институтун бүтүргөн. 1956-1958-жылдары Москвадагы Жогорку адабий курстун угуучусу болгон. Ошондой эле 1990-1993-жылдары адегенде СССРдин, андан соң Россия Федерациясынын Люксембургдагы элчиси; 1994-2007-жылдары Кыргыз Республикасынын Бельгия мамлекетиндеги атайын жана ыйгарым укуктуу элчиси болуп иштеген.

Көркөм сөзгө бала күнүнөн ынак болуп өскөн Ч.Айтматовдун басма сөздө жарык көргөн алгачкы аңгемеси «Гезитчи Дзюйо» деп аталып, 1952-жылы басылып чыккан. Аңгемелери: «Ашым», «Биз

арылап барабыз», «Сыпайчы», «Ак жаан», «Асма көпүрө», «Түнкү сугат».

Улуу жазуучуга чоң чыгармачылык ийгиликти «Бетме бет», «Жамийла» повесттери алып келген. 1959-жылы «Жамийла» повести француз жазуучусу Луи Арагондун котормосунда Парижде жарык көргөн. 1960-жылы повесть немис, поляк, англис, испан, славян, хинди, 1961-жылы араб, итальян, чех тилдерине жарык көргөн. Ушундан тартып жазуучунун чыгармаларынын дүйнө жүзү боюнча салтанаттуу жүрүшү башталган.